**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЧҮЙ ОБЛУСУ**
**ЫСЫК-АТА РАЙОНУ**
**УЗУН-КЫР**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**УЗУН-КЫР**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ЫСЫК-АТИНСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**УЗУН-КЫР**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**
**УЗУН-КЫР**

**Т О К Т О М № 19/V**

02 июнь 2024 жыл — Ново-Покровка айылы

**“Кант жылуулук менен жабдуу” ишканасынын Ново-Покровка айылындагы № 6, № 7 жылуулук отканаларын жана тиешелүү баардык жабдууларын Узун-Кыр айыл өкмөтүнүн балансына өткөрүп берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 3-апрелиндеги № 89 “Отун-энергетикалык комплексинин айрым маселелери жөнүндө” Жарлыгын аткаруу максатында, Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу “Кыргызжылуулукэнерго” мамлекеттик ишканасын кайра уюштуруу жөнүндө, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 28-майындагы “Кыргыз Республикасынын экономика тармактарын жана калкын 2024/2025-жылдардын күз-кыш мезгилине даярдоо жөнүндө”№ 265 токтомун жана Ысык-Ата райондук мамлекеттик администрациясынын 2024-жылдын 31-майындагы № 2252 сандуу “Узун-Кыр айылдык кеңешине “Кант жылуулук менен жабдуу” ишканасынын балансындагы Ново-Покровка айылында жайгашкан №6, № 7 отканаларын жана тиешелүү баардык жабдууларын айыл өкмөтүнүн балансына өткөрүп берүү жөнүндөгү” сунушун ишке ашыруу максатында,

Узун-Кыр айылдык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Узун-Кыр айыл аймагындагы Ново-Покровка айылындагы №6, №7 отканаларын муниципалдык менчикке кабыл алууга макулдук берилсин.
2. Аталган отканаларды муниципалдык менчикке мыйзам чегинде кабыл алуу жагы Узун-Кыр айыл өкмөтүнүн башчысы Э.Алыбаевге милдеттендирилсин.
3. Узун-Кыр айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигине кабыл алынган №6 жана №7 отканалар, кайрадан “Кант жылуулук менен жабдуу” ишканасынын ыкчам башкаруусуна өткөрүлүп берилсин.
4. Ушул токтомго ылайык, 2028-жылга чейин №6 жана №7 отканаларга кызмат көрсөтүү жана жылуулук менен камсыздоо жагы “Кант жылуулук менен жабдуу” ишканасына милдеттендирилсин.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Узун-Кыр айыл өкмөтүнүн башчысына жүктөлсүн.

Төрага — К.Б.Сманов